# АУДИТТИН ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТЫ 580
# ЖАЗУУ ЖҮЗҮНДӨГҮ БИЛДИРҮҮЛӨР

**(2009-жылдын 15-декабрында же ушул күндөн кийин башталуучу мезгилдер үчүн финансылык отчеттуулуктун аудитине карата күчүнө кирет.)**

---

**МАЗМУНУ** Пункт


**КИРИШҮҮ**

Ушул стандарты колдонуу чөйрөсү 1–2

Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү аудитордук далилдер катары пайдалануу 3–4

Күчүнө кирүү күнү ........................................................................ 5

**Максаттар** ........................................................................ 6

**Аныктамалар** ........................................................................ 7–8

**Талаптар**

Алардан жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр суратылган жетекчилер ...... 9

Жетекчиликтин милдеттерине тиешелүү жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр 10–12

Жазуу жүзүндөгү башка билдирүүлөр .............................................. 13

Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн күнү жана алар камтыган мезгил (мезгилдер) ........................................................................ 14

Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн формасы ..................................... 15

Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн ишенимдүүлүгү жагынан шектенүүлөр жана суратылган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү бербей коюу.............16–20

**Пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар**

Represent Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү аудитордук далилдер катары пайдалануу ........................................................................ A1

Алардан жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр суратылган жетекчилер A2–A6

Жетекчиликтин милдеттерине тиешелүү жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр A7–A9

Жазуу жүзүндөгү башка билдирүүлөр .............................................. A10–A13

Босоголук маани жөнүндө маалымдоо ............................................ A14

Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн күнү жана алар камтыган мезгил (мезгилдер) ........................................................................ A15–A18

Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн формасы ..................................... A19–A21


ISA

Корпоративдик башкаруу үчүн жоопт берүүчү жактар менен маалыматтык өз ара аракеттенүү ...................................................................... A22

Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн ишенимдүүлүгү жагынан шектенүүлөр жана суратылган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү бербей коюу A23–A27

1-тиркеме. Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөргө карата талаптарды камтыган АЭСтердин тизмеги

2-тиркеме. Жетекчиликтин билдирүү катынын мисалы

---

Аудиттин эл аралык стандарты (АЭС) 580 *«Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү»* АЭС 200 *«Көзкарандысыз аудитордун негизги максаттары жана Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык аудитти жүргүзүү»* менен бирге кароо керек

## Киришүү

### Ушул стандартты колдонуу чөйрөсү

1. Ушул Аудиттин эл аралык стандарты (АЭС) финансылык отчеттуулуктун аудитинин жүрүшүндө жетекчиликтен жана, эгерде орундуу болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардан жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү алууга тиешелүү аудитордун милдеттерин белгилейт.

2. 1-тиркемеде башка АЭСтер келтирилген, аларда тиешелүү стандарттын маңызы жагындагы көз караштан алганда жазуу жүзүндөгү билдирүүлөргө карата талаптар камтылган. Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөргө карата башка АЭСтердин атайын талаптары ушул стандартты колдонууну чектебейт

### Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү аудитордук далилдер катары пайдалануу

3. Аудитордук далилдер – бул аудитордук пикирге негизделген тыянактарды чыгарууда аудитор колдонуучу маалымат 1 Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр ишкананын финансылык отчеттуулугунун аудитине байланыштуу аудитор үчүн зарыл маалымат болуп саналат. Тиешелүү түрдө, жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр, суроо-талаптарга жооптор сыяктуу эле, аудитордук далилдерди билдирет (А1-пунктту караңыз).

4. Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр аудиторго зарыл аудитордук далилдерди берет, бирок алар өзүнөн өзү аларда каралып жаткан маселелер жагынан талаптагыдай жетиштүү аудитордук далилдерди бербейт. Мындан тышкары, жетекчилик ишенимдүү жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү беришинин фактысынын өзү жетекчилик өз милдеттерин аткарышы жагынан же конкреттүү өбөлгөлөр жагынан аудитор алган башка аудитордук далилдердин мүнөзүнө жана көлөмүнө таасир этпейт.

### Күчүнө кирүү күнү

5. Ушул стандарт 2009-жылдын 15-декабрынан же ушул күндөн кийин башталуучу мезгилдер үчүн финансылык отчеттуулуктун аудити жагынан күчүнө кирет.

## Максаттар

6. Аудитордун максаты төмөнкүлөрдө турат:

(а) жетекчиликтен жана, эгерде орундуу болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардан төмөнкүлөр жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү алууда: алардын пикири

[1] АЭС 500 *«Аудитордук далилдер»,* 5(с)-пункт

ISA

боюнча, алар финансылык отчеттуулукту даярдоо жана аудиторго толук маалыматты берүү боюнча милдеттерин аткарган;

(b) эгерде аудитор мындай ырастоону зарыл деп эсептесе же ал башка АЭСтерге ылайык талап кылынса, финансылык отчеттуулук менен же финансылык отчеттуулукту түзүүнүн айрым өбөлгөлөрү менен байланышкан башка аудитордук далилдерди жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр аркылуу ырастоодо;

(c) жетекчиликтин жана, эгерде орундуу болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрүнө, ошондой эле эгерде жетекчилик же, эгерде орундуу болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар аудитор сураткан жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү бербесе, аларга жооп иретинде ойдогудай аракеттерди көрүүдө.

***Аныктамалар***

7. Аудиттин эл аралык стандарттарынын максаттары үчүн төмөнкүдөй терминдер төмөндө келтирилген маанилерге ээ:

жазуу жүзүндөгү билдирүү – айрым фактыларды ырастоо үчүн же башка аудитордук далилдерди бекемдөө үчүн жетекчилик аудиторго берген жазуу жүзүндөгү билдирүү. Бул контекстте жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр финансылык отчеттуулукту, аны даярдоонун өбөлгөлөрүн же ырастоочу регистрлерди жана жазууларды камтыбайт.

8. Ушул стандарттын максаттары үчүн «жетекчилик» терминин пайдалануу «жетекчиликти жана, эгерде орундуу болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарды» билдирет. Мындан тышкары, ишенимдүү берүү концепциясын пайдалануу учурунда жетекчилик финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык финансылык отчеттуулукту даярдоо жана ишенимдүү берүү үчүн же финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык анык жана ишенимдүү бере турган финансылык отчеттуулукту түзүү үчүн жоопкерчилик тартат.

## Талаптар

### Алардан жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр суралган өкүлчүлүктөрдүн жетекчилери

9. Аудитор финансылык отчеттуулук үчүн тиешелүү жоопкерчиликти тарта турган жана каралып жаткан маселелер боюнча маалыматка ээ болгон жетекчиликтин мүчөлөрүнөн жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү суратууга тийиш (A2–A6-пункттарды караңыз).

## Жетекчиликтин милдеттерине тиешелүү жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр

*Финансылык отчеттуулукту даярдоо*

10. Жетекчилик финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык финансылык отчеттуулукту даярдоо боюнча өз милдеттерин аткаргандыгын ырастаган жазуу жүзүндөгү билдирүүнү ал бериши, анын ичинде, бул орундуу болгон жерде, муну аудитордук тапшырманын шарттары талап кылгандай, аны ишенимдүү бериши үчүн аудитор жетекчиликке суроо-талапты жөнөтүүгө тийиш.2 (А7–А9, А14, А22-пункттарды караңыз).

*Берилген маалымат жана операцияларды толук чагылдыруу*

11. Аудитор жетекчиликтен төмөнкүлөрдү ырастаган жазуу жүзүндөгү билдирүүнү суратууга тийиш:

    (a) жетекчилик бүткүл зарыл маалыматты жана, муну аудитордук тапшырманын шарттары талап кылгандай, ресурстарга жеткиликтүүлүктү бергендигин3 ;жана

    (b) бардык операциялар эсепте чагылдырылганын жана финансылык отчеттуулукта берилгенин (А7–А9, А14, А22-пункттарды караңыз).

*Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдө жетекчиликтин милдеттерин сыпаттоо*

12. Жетекчиликтин милдеттери, алар аудитордук тапшырманын шарттарында баяндалгандай эле түрдө, 10 жана 11-пункттарда каралган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдө баяндалууга тийиш.

## Жазуу жүзүндөгү башка билдирүүлөр

13. Башка АЭСтерге ылайык аудитор жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү суратууга милдеттүү. Эгерде, ушундай билдирүүлөрдү суратуудан тышкары, аудитор финансылык отчеттуулукка тиешеси бар башка аудитордук далилдерди же финансылык отчеттуулукту даярдоонун тигил же бул өбөлгөлөрүн ырастоо үчүн ал бир же бир нече жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү алуу зарыл деп эсептесе, ал мындай кошумча жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү суратууга тийиш (А10–А13, А14, А22-пункттарды караңыз).

## Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн күнү жана алар камтыган мезгил (мезгилдер)

ISA

2 АЭС 210 *«Аудитордук тапшырмалардын шарттарын макулдашуу»*, 6(b)(i)-пункт

3 АЭС 210, 6(b)(iii)-пункт

14. Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн күнү мүмкүнчүлүккө жараша финансылык отчеттуулук жагынан аудитордук корутундунун күнүнө максималдуу жакын болууга тийиш, бирок көрсөтүлгөн күндөн кеч болушу мүмкүн эмес. Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр бүткүл финансылык отчеттуулукка жана аудитордук корутундуда эске алынган бүткүл мезгилге (бардык мезгилдерге) жайылтылууга тийиш (А15–А18-пункттарды караңыз).

**Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн формасы**

15. Жетекчиликтин жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрү жетекчиликтин аудиторго даректелген билдирүү каты түрүндө түзүлүүгө тийиш. Эгерде мыйзамдарга же ченемдик актыларга ылайык жетекчилик өз милдеттери жөнүндө жазуу жүзүндөгү ачык билдирүүлөрдү жасоого милдеттүү болсо жана аудитор мындай билдирүүлөр 10 жана 11-пункттарга ылайык берүү зарыл болгон билдирүүлөргө толугу менен же жарым-жартылай ылайык келет деп белгилесе, анда ушундай билдирүүлөрдө камтылган тиешелүү маселелерди жетекчиликтин билдирүү катына киргизүү зарылчылыгы жок (А19–А21-пункттарды караңыз).

**Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн ишенимдүүлүгү жагынан шектенүүлөр жана суратылган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү бербей коюу**

*Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн ишенимдүүлүгү жагынан шектенүүлөр*

16. Эгерде аудитордо жетекчиликтин компетенттүүлүгү, чынчылдыгы, этикалык дөөлөттөрү жана ак ниеттүүлүгү жагынан же ушул мүнөздөмөлөргө жетишүү же жетишүүнү камсыз кылуу жагынан шектенүүлөр келип чыкса, анда аудитор (жазуу жүзүндөгү же оозеки) билдирүүлөрдүн жана бүтүндөй алганда аудитордук далилдердин ишенимдүүлүгүнө мындай шектенүүлөрдүн ыктымалдуу таасирин аныктоого милдеттүү (А24–А25-пункттарды караңыз).

17. Атап айтканда, эгерде жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн жана башка аудитордук далилдердин ортосунда шайкеш эместиктер бар болсо, аудитор бул карама-каршылыкты жоюу үчүн аудитордук жол-жоболорду аткарууга милдеттүү. Эгерде карама-каршылыкты жоюуга мүмкүн болбосо, аудитор жетекчиликтин компетенттүүлүгүн, чынчылдыгын, этикалык дөөлөттөрүн жана ак ниеттүүлүгүн же ушул мүнөздөмөлөргө жетишүүгө же жетишүүнү камсыз кылууга анын умтулууларын баалоону кайра кароого жана (жазуу жүзүндөгү же оозеки) билдирүүлөрдүн жана бүтүндөй алганда аудитордук далилдердин ишенимдүүлүгүнө бул факторлордун ыктымалдуу таасирин аныктоого тийиш (А23-пунктту караңыз).

18. Эгерде аудитор жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр ишенимсиз деген тыянакка келсе, ал тиешелүү чараларды көрүүгө, анын ичинде бул

фактынын аудитордук корутундуда билдирилген пикирге ыктымалдуу таасирин АЭС 705ке, 4 ылайык, ушул стандарттын 20-пунктунун талаптарын эске алуу менен аныктоого тийиш.

*Суратылган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү бербей коюу*

19. Жетекчилик суратылган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү бербей койгон учурда аудитор төмөнкүлөргө милдеттүү:

(a) бул маселени жетекчилик менен талкуулоого;

(b) жетекчиликтин ак ниеттүүлүгүн кайра баалоону жүргүзүүгө жана бул жагдайлардын (оозеки, ошондой эле жазуу жүзүндөгү) билдирүүлөрдүн жана бүтүндөй алганда аудитордук далилдердин ишенимдүүлүгүнө ыктымалдуу таасирин баалоого;

(c) тиешелүү чараларды көрүүгө, анын ичинде АЭС 705ке ылайык, ушул стандарттын 20-пунктунун талаптарын эске алуу менен аудитордук корутундуда билдирилген пикирге ыктымалдуу таасирди аныктоого.

*Жетекчиликтин милдеттерине тиешелүү жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр*

20. Аудитор АЭС 705тин жоболоруна ылайык финансылык отчеттуулукту текшерүү жагынан пикир билдирүүдөн баш тартууга тийиш, эгерде:

(a) аудитор жетекчиликтин ак ниеттүүлүгүнө олуттуу жетиштүү шектенүүлөр бар, буга байланыштуу 10 жана 11-пункттарда каралган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр ишенимдүү болуп саналбайт деген корутундуга келсе, же

(b) жетекчилик 10 жана 11-пункттарда каралган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү бербесе, (А26–А27-пункттарды караңыз).

***

## Пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар

### Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү аудитордук далилдер катары пайдалануу (3-пунктту караңыз)

А1. Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр аудитордук далилдердин маанилүү булагы болуп саналат. Эгерде жетекчилик суратылган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөргө өзгөртүүлөрдү киргизсе же аларды бербесе, бул аудитор үчүн бир же бир нече маанилүү маселелердин ыктымалдуу бар экендиги жөнүндө эскертүү боло алат. Мындан тышкары, оозеки эмес, жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү суратуу көп учурларда жетекчиликти

---

4 АЭС 705 (кайра каралган) *«Көз карандысыз аудитордун аудитордук корутундусундагы модификацияланган пикир»*

тигил же бул маселелерди алда канча кунт коюу менен иликтөөгө мажбурлайт, бул билдирүүлөрдүн сапатын жогорулатууга мүмкүндүк берет.

**Алардан жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр суратылган жетекчилер** (9-пунктту караңыз)

A2. Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр финансылык отчеттуулукту даярдоо үчүн жоопкерчилик тартуучу жетекчилерден суратылат. Бул адамдардын курамы ишкананы корпоративдик башкаруунун түзүмүнө жана мыйзамдын же ченемдик актынын талаптарына жараша өзгөрүшү мүмкүн, бирок көп учурда жооптуу тарап болуп (корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар эмес) жетекчилик саналат. Ушуну эске алуу менен жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү ишкананын башкы директорунан жана финансылык директорунан же мындай кызмат орундары болбогон ишканаларда – ушундай кызмат орундарын ээлеген жетекчилерден суратууга болот. Бирок айрым жагдайларда финансылык отчеттуулукту даярдоо үчүн башка жактар, мисалы, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар да жоопкерчилик тартат.

A3. Ишкананын финансылык отчеттуулугу үчүн жана ишин жүзөгө ашыруу үчүн жоопкерчиликти анын жетекчилиги тарткандыктан, жетекчилик ишканада финансылык отчеттуулукту даярдоо процесси жана аны даярдоонун өбөлгөлөрү жөнүндө жетиштүү билимдерге ээ деп болжолдонот, бул ушул билимдердин негизинде жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү берүү үчүн зарыл.

A4. Мында айрым учурларда жетекчилик финансылык отчеттуулукту жана аны даярдоо өбөлгөлөрүн даярдоого жана берүүгө катышкан адамдардын, анын ичинде алар боюнча жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр суратылган маселелерге байланышкан атайын билимдери бар адамдардын дарегине суроо-талапты жөнөтүү жөнүндө чечим кабыл ала алат. Мындай адамдардын ичине төмөнкүлөр кириши мүмкүн:

- актуардык эсептердин негизинде жасалган баалоо үчүн жооптуу актуарий;
- курчап турган чөйрөнү коргоо жагынан милдеттенмелерди баалоо үчүн жооп берүүчү жана бул тармакта атайын билимдери бар штаттагы инженер адистер;
- соттук дооматтар боюнча резервдерди эсептөө үчүн зарыл маалыматты бере ала турган ишкананын ички юристи.

A5. Айрым учурларда жетекчилик жазуу жүзүндөгү билдирүүлөргө билдирүүлөрдү жетекчилик өзүнүн маалымдар болушуна жараша жасады жана анын пикирин чагылдырат деген бир жактуу шартты

киргизе алат. Эгерде аудитор билдирүүлөрдү тиешелүү функцияларды аткарып жаткан жана билдирүүлөргө киргизилген маселелер боюнча тиешелүү билимдери бар адамдар жасаганына ынанса, ал ушундай баяндалышты кабыл алышы максатка ылайык.

A6. Жетекчилик негиздүү билдирүүлөрдү беришинин зарылчылыгын дагы бир жолу баса белгилөө үчүн аудитор жетекчиликке ал өзүнүн жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрүндө суратылган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн керектүү деп эсептеген бардык суроо-талаптарды жасагандыгын ырасташы үчүн кайрыла алат. Мындай суроо-талаптар үчүн демейде, ишканада колдонулуп жаткан жол-жоболордон тышкары, кандайдыр-бир расмий ички жол-жобо талап кылынбайт деп болжолдонот.

ISA

**Жетекчиликтин милдеттерине тиешелүү жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр**
(10–11-пункттарды караңыз)

A7. 10 жана 11-пункттарда көрсөтүлгөн милдеттерди жетекчилик аткаргандыгы жагынан аудиттин жүрүшүндө алынган аудитордук далилдер жетекчиликтен, анын пикири боюнча, ал ушул милдеттерди аткаргандыгынын ырастоосун алмайынча жетишсиз болуп саналат. Бул аудитор башка аудитордук далилдердин негизинде гана жетекчилик чындыгында эле финансылык отчеттуулукту даярдагандыгы жана бергендиги, ошондой эле өз милдеттерин макулдашып түшүнгөндүгүнө жана тааныгандыгына таянуу менен аудиторго маалымат бергендиги жөнүндө ой жүгүртүүнү калыптандыра албагандыгы менен байланышкан. Мисалы, аудитор уюмдун жетекчилиги ага макулдашылган жана аудитордук тапшырманын шарттарында көрсөтүлгөн бүткүл зарыл маалыматты бергендиги жөнүндө тыянакты ушундай маалымат берилгенин же жоктугун жетекчиликтен сурабастан жана жетекчиликтен ырастоону албастан жасай албайт.

A8. 10 жана 11-пункттарга ылайык алуу талап кылынган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр жетекчилик аудитордук тапшырманын шарттарында баяндалган өз милдеттерин макулдашып түшүнгөндүгүнө жана тааныгандыгына негизденет жана аларды аткарууну жетекчилик ырастагандыгы жөнүндө суроо-талапты карайт. Мындан тышкары, аудитор жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдө ишкананын жетекчилиги бул милдеттерди ал аңдап-түшүнгөнүн кайталап ырастоосун талап кыла алат. Мындай практика айрым юрисдикцияларда орун алган болуп саналат, бирок кандай болгон күндө да ал өзгөчө орундуу болуп чыгышы мүмкүн, эгерде:

- ишкананын атынан аудитордук тапшырмага кол койгон жактарда эми тиешелүү милдеттерди аткаруу боюнча ыйгарым укуктар жок болсо;
- аудитордук тапшырманын шарттары мурунку жылы түзүлгөн болсо;
- жетекчилик бул милдеттерди туура эмес түшүнгөндүгүнүн кандайдын-бир белгилери бар болсо;
- муну өзгөргөн жагдайлар талап кылса.

АЭС 210го [5] ылайык жетекчилик бул милдеттерди аңдап-түшүнгөндүгүн жана ырастагандыгын кайрадан ырастаган учурда ал билдирүүлөр жетекчилик тарабынан анын маалымдар болушуна жараша жасалган жана анын пикирин чагылдырат деген бир жактуу

[5] АЭС 210, 6(b)-пункт

шартты камтууга тийиш эмес (ушул стандарттын 5-пунктунда көрсөтүлгөндөй).

*Мамлекеттик сектордогу ишканалардын өзгөчөлүктөрү*

A9. Мамлекеттик сектордогу ишканалардын финансылык отчеттуулугунун аудитин жүргүзүүгө аудитордун тапшырмасы башка ишканалардын финансылык отчеттуулугунун аудитинин учурундагыдан кеңири болушу мүмкүн. Натыйжада мамлекеттик сектордогу ишкана даярдаган финансылык отчеттуулуктун аудити ага таянуу менен жүргүзүлүп жаткан жетекчиликтин жоопкерчилиги жагынан негиздүү божомол кошумча жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү алуу зарылчылыгына алып келиши мүмкүн. Аларга бүтүмдөр жана операциялар мыйзамга, ченемдик актыга же башка жөнгө салуучу документтерге ылайык жүзөгө ашырылганын ырастаган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр кириши мүмкүн.

**Жазуу жүзүндөгү башка билдирүүлөр** (13-пунктту караңыз)

*Финансылык отчеттуулук жагынан кошумча жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр*

A10. 10-пунктка ылайык берүү талап кылынган жазуу жүзүндөгү билдирүүдөн тышкары, аудитор финансылык отчеттуулук жагынан башка жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү суратууну зарыл деп эсептеши мүмкүн. Мындай жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр 10-пунктта каралган жазуу жүзүндөгү билдирүүнү толуктай алат, бирок анын курамдык бөлүгү болуп саналбайт. Бул билдирүүлөр төмөнкүдөй маселелерге тиешелүү болушу мүмкүн:

- эсеп саясатын тандоо жана колдонуу ойдогудай болуп саналабы
    - эгерде бул тиешелүү концепциянын алкагында зарыл болсо, төмөндө көрсөтүлгөн беренелер жана маселелер финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык таанылганбы, бааланганбы, берилгенби же ачып көрсөтүлгөнбү:
    - активдердин жана милдеттенмелердин баланстык наркына же классификациясына таасир этиши мүмкүн болгон пландар же ниеттер;
    - милдеттенмелер (иш жүзүндөгү, ошондой эле шарттуу);
    - активдер же аларга контролдук кылуу, активдер жагынан күрөө укуктары же милдеттер, ошондой эле камсыздоо катарында күрөөгө берилген активдер;
    - финансылык отчеттуулукка таасир этиши мүмкүн болгон мыйзамдардын, ченемдик актылардын жана келишимдик

ISA

макулдашуулардын жоболору.

*Аудиторго берилүүчү маалымат жагынан кошумча жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр*

A11. 11-пунктта каралган жазуу жүзүндөгү билдирүүдөн тышкары, аудитор жетекчиликтен ички контролдоо системасынын жетекчиликке белгилүү болгон бардык кемчиликтери жөнүндө аудитор кабарландырылганы көрсөтүлгөн жазуу жүзүндөгү билдирүүнү суратуу зарыл деп эсептеши мүмкүн.

*Финансылык отчеттуулукту даярдоонун конкреттүү өбөлгөлөрү жагынан жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр*

A12. Ой жүгүртүүлөр же ниеттер жагынан далилдерди алууда же болбосо бул ой жүгүртүүлөрдү жана ниеттерди баалоодо аудитор төмөндө келтирилген маселелердин бирөөнү же бир нечесин карай алат:

- ишкананын мурдагы мезгилдерде билдирилген ниеттерин жүзөгө ашыруу;
- ишкана аракеттердин тигил же бул тартибин тандоосуна негиз болгон себептер;
- аракеттердин айрым тартибин сактоого ишкананын кудурети;
- аудиттин жүрүшүндө алынышы мүмкүн болгон жана, балким, жетекчиликтин ой жүгүрттүүлөрүнө же ниеттерине шайкеш келбеген ар кандай башка маалыматтын болушу же жоктугу.

A13. Мындан тышкары, финансылык отчеттуулукту даярдоонун конкреттүү өбөлгөлөрү жагынан, атап айтканда, башка аудитордук далилдердин негизинде аудитор түзгөн конкреттүү өбөлгө жана анын толук болушу жагынан жетекчиликтин ой жүгүртүүлөрүн же ниеттерин ырастоо үчүн аудитор жетекчиликтен жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү суратууну зарыл деп эсептеши мүмкүн. Мисалы, эгерде жетекчиликтин ниети инвестициялардын наркын баалоо үчүн маанилүү болуп саналса, анда аудитор, балким, эгерде жетекчиликтин ниети жагынан анын жазуу жүзүндөгү билдирүүсүн албаса, талаптагыдай жетиштүү аудитордук далилдерди камсыз кыла албайт. Мындай жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр аудиторго зарыл аудитордук далилдерди берет, бирок алар өзүнөн-өзү финансылык отчеттуулукту даярдоонун бул өбөлгөсү жагынан талаптагыдай жетиштүү аудитордук далилдердин болушун камсыз кылбайт.

**Босоголук маани жөнүндө маалымдоо** (10–11, 13-пункттарды караңыз)

A14. АЭС 450гө ылайык аудитти жүргүзүүдө аудитор табылган бурмалоолорду топтоого милдеттүү, буга маанисиз экендиги айкын

болгон бурмалоолор кирбейт.[6] Аудитор андан ашкан учурда бурмалоолор болор-болбос катары бааланышы мүмкүн болбогон босоголук маанини белгилей алат. Ошентип, аудитор суратылып жаткан жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн максаттары үчүн белгиленген босоголук маани жөнүндө ишкананынжетекчилигине маалымдоо тууралуу маселени карай алат.

**Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн күнү жана алар камтыган мезгил (мезгилдер)** (14-пунктту караңыз)

A15. Жетекчиликтин жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрү зарыл аудитордук далил болуп санала тургандыгын эске алуу менен аудитордук пикир жетекчиликтин жазуу жүзүндөгү билдирүүсүнүн күнүнөн мурда билдирилиши мүмкүн эмес, ал эми аудитордук корутундуга бул күнгө караганда алда канча эрте числодогу күн коюлушу мүмкүн эмес. Мындан тышкары, аудиторду дээрлик аудитордук корутундунун күнүнө чейин орун алган окуялар кызыктыргандыктан, алар финансылык отчеттуулукта оңдоп-түзөөлөрдү же маалыматты ачып көрсөтүүнү талап кылышы мүмкүн болгондуктан, жетекчиликтин жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрүнө мүмкүнчүлүккө жараша финансылык отчеттуулук жөнүндө аудитордук корутундунун күнүнө максималдуу жакын болгон, бирок бул күндөн кеч эмес болгон числодогу күн коюлууга тийиш.

A16. Айрым учурларда аудиторго, балким, аудитти жүргүзүү мезгилинде финансылык отчеттуулукту даярдоонун айрым өбөлгөлөрү жагынан жетекчиликтин жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрүн алуу керек болот. Мындай учурда кийин аудиторго жетекчиликтин жазуу жүзүндөгү билдирүүсүнүн такталган версиясын суратуу талап кылынышы мүмкүн.

A17. Жетекчиликтин жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрү аудитордук корутундуда аларга көрсөтмө бар болгон бардык мезгилдерди камтууга тийиш, анткени жетекчилик мурдагы мезгилдер жагынан ал мурда жасаган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр актуалдуу бойдон калганын дагы бир жолу ырастоого тийиш. Аудитор менен жетекчилик жазуу жүзүндөгү билдирүүнү түзүү жөнүндө макулдаша алат, анда мурдагы мезгилдер үчүн жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр жагынан маалымат такталат жана мындай билдирүүлөргө тиешелүү кандайдын-бир өзгөртүүлөр орун алганы же жоктугу жана, эгерде орун алган болсо, дал кайсы мезгилдерде орун алганы көрсөтүлөт жана мындай билдирүүлөргө тиешелүү кандайдын-бир өзгөртүүлөр орун алганы же жоктугу жана, эгерде орун алган болсо, дал кайсылары орун алганы көрсөтүлөт.

ISA

[6] АЭС 450 *«Аудиттин жүрүшүндө табылган бурмалоолорду баалоо»*, 5-пункт

A18. Жетекчиликтин иштеп жаткан мүчөлөрү аудитордук корутундуда аларга көрсөтмөлөр болгон бардык мезгилдердин аралыгында тиешелүү кызмат орундарды ээлебеген кырдаал келип чыгышы мүмкүн. Мындай адамдар айрым же бардык жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү берүүгө кудуретибиз жок, анткени алар айрым мезгилде тиешелүү кызмат орундарды ээлеген эмеспиз деп билдириши мүмкүн. Бирок бул жагдай бул адамдар бүтүндөй алганда финансылык отчеттуулук жагынан тарта турган жоопкерчиликти азайтпайт. Ошентип, ага ылайык аудитор тиешелүү мезгилди (тиешелүү мезгилдерди) толук камтыган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү жетекчиликтен суратууга тийиш болгон талап колдонулуучу бойдон калат.

**Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн формасы** (15-пунктту караңыз)

A19. Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр аудиторго даректелген жетекчиликтин сунуш катына киргизилүүгө тийиш. Бирок айрым юрисдикцияларда мыйзамдар же ченемдик актылар ага ылайык жетекчилик өз милдеттери жөнүндө жазуу жүзүндөгү ачык билдирүүнү жасоого тийиш болгон талапты карашы мүмкүн. Мындай ачык билдирүү финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга же тиешелүү бийлик органдарына арналганы менен, аудитор ал 10 жана 11-пункттарда каралган айрым же бардык билдирүүлөргө ылайык келген ойдогудай жазуу жүзүндөгү билдирүүнү билдирет деп чечиши мүмкүн. Тиешелүү түрдө, мындай ачык билдирүүдө чагылдырылган тиешелүү маселелерди жетекчиликтин билдирүү катына киргизүү зарылчылыгы жок. Бул маселе боюнча аудитордун чечимине төмөнкүдөй факторлор таасир этиши мүмкүн:

- билдирүү 10 жана 11-пункттарда көрсөтүлгөн милдеттенмелерди аткарууну камтыйбы;
- билдирүү аудитор тиешелүү жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү сураткан адамдар тарабынан берилгенби же жактырылганбы;

аудиторго билдирүүнүн көчүрмөсү финансылык отчеттуулук жагынан аудитордук корутундунун күнүнө карата максималдуу жакындатылган, бирок ушул күндөн кеч эмес мөөнөттө берилгенби (14-пунктту караңыз).

A20. Мыйзамдарды же ченемдик актыларды сактоо жөнүндө же финансылык отчеттуулукту бекитүү жөнүндө расмий билдирүү аудиторго бардык зарыл билдирүүлөр акыл-эстүүлүк менен жасалгандыгы жөнүндө ынанууга мүмкүндүк бере турган жетиштүү маалыматты камтыбайт. Ошондой эле жетекчиликтин милдеттерин мыйзамда же ченемдик актыда сүрөттөө суратылган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү алмаштырбайт.

A21. 2-тиркемеде жетекчиликтин билдирүү катынын мисалы келтирилген.

**Корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар менен маалыматтык өз ара аракеттенүү** (10–11, 13-пункттарды караңыз)

A22. АЭС 260ка (кайра каралган) ылайык аудитор жетекчиликтен сураткан жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр жөнүндө маалыматты аудитор корпоративдик башкаруу үчүн жоопту жактарга жеткирүүгө тийиш[7].

**Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн ишенимдүүлүгү жагынан шектенүүлөр жана суратылган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү бербей коюу**

*Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн ишенимдүүлүгү жагынан шектенүүлөр* (16–17-пункттарды караңыз)

A23. Бир же бир нече жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн жана башка булактан алынган аудитордук далилдердин ортосунда шайкеш эместиктер табылган учурда аудитор тобокелдиктерди баалоо актуалдуу бойдон калганын же жоктугун талдап жана, эгерде андай эмес болсо, тобокелдиктерди баалоону кайра карап жана бааланган тобокелдиктерге жооп иретинде аракеттерди жасоо үчүн андан аркы аудитордук жол-жоболордун мүнөзүн, аткаруу мөөнөттөрүн жана көлөмүн аныктай алат.

A24. Жетекчиликтин компетенттүүлүгү, ак ниеттүүлүгү, этикалык баалуулуктары же чынчылдыгы жагынан же бул мүнөздөмөлөргө жетишүүгө же аны камсыз кылууга карата анын умтулуулары жагынан шектенүүлөр финансылык отчеттуулукта жетекчилик тарабынан бурмалоолордун тобокелдиги аудитти жүргүзүү мүмкүн болбогон даражада деген аудитордун тыянагы үчүн негиз болуп калышы мүмкүн. Бул учурда аудитор, эгерде бал колдонулуучу мыйзамга же ченемдик актыга ылайык мүмкүн болсо, тапшырмадан баш тартуу зарыл деп эсептеши мүмкүн, буга корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар ойдогудай оңдоп-түзөөчү аракеттерди жасаган учурлар кирбейт. Бирок мындай аракеттер аудитор модификацияланбаган пикирди билдирүүсү үчүн жетиштүү эмес болуп чыгышы мүмкүн.

A25. АЭС 230га ылайык аудитор аудиттин жүрүшүндө келип чыккан маселелерди, алар боюнча жасалган тыянактарды жана бул тыянактарда жасоого негиз болгон маанилүү кесиптик ой жүгүртүүлөрдү документ менен тариздөөгө милдеттүү[8]. Аудитор жетекчиликтин компетенттүүлүгү, ак ниеттүүлүгү, этикалык дөөлөттөрү менен, ошондой эле бул мүнөздөмөлөргө жетишүүгө же

ISA

[7] АЭС 260 (кайра каралган) *«Корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар менен маалыматтык өз ара аракеттенүү»*, 16(c)(ii)-пункт.

[8] АЭС 230 *«Аудитордук документация»*, 8(c) жана 10-пункттар

аларды камсыз кылууга умтулуу менен байланышкан маанилүү көйгөйлөрдү таап, бирок мында жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр ошол эле учурда ишенимдүү болуп саналат деп тыянак чыгара алат. Бул учурда ушул маанилүү маселе АЭС 230га ылайык документ менен таризделет.

*Жетекчиликтин милдеттерине тиешелүү жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр* (20-пунктту караңыз)

A26. А7-пунктта түшүндүрүлгөндөй, аудитор жетекчилик башка аудитордук далилдерге гана таянып, 10 жана 11-пункттарда көрсөтүлгөн милдеттенмелерди аткаргандыгы жөнүндө тыянак жасай албайт. Тиешелүү түрдө, эгерде, 20(а)-пунктта көрсөтүлгөндөй, аудитор бул маселелер боюнча жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр ишенимсиз деген тыянакка келсе же эгерде жетекчилик бул жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү бербесе, аудитор талаптагыдай жетиштүү аудитордук далилдерди алууга мүмкүнчүлүгү жок. Аудитордо мындай мүмкүнчүлүктүн жоктугунун финансылык отчеттуулукка тийгизиши мүмкүн болгон таасири финансылык отчеттуулуктун конкреттүү элементтери, эсептери же беренелери менен чектелбейт, тиешелүү түрдө, жалпыны камтыган мүнөзгө ээ. АЭС 705 (кайра каралган) аудиторду мындай шарттарда финансылык отчеттуулук жөнүндө пикир билдирүүдөн баш тартууга милдеттендирет.[9]

A27. Эгерде жазуу жүзүндөгү билдирүү аудитор сураткан билдирүүгө салыштырганда өзгөртүлгөн болсо, бул жетекчилик жазуу жүзүндөгү билдирүүнү берген жок дегенди дайыма эле билдире бербейт. Бирок киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизинде турган себеп аудитордук корутундуда билдирилген пикирге таасир этиши мүмкүн. Мисалы:

- жетекчилик финансылык отчеттуулукту даярдоо боюнча өз милдеттенмелерин аткаргандыгы жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр, финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясында камтылган айрым талаптарды сактоодон олуттуу четтеген учурларды кошпогондо, жетекчилик финансылык отчеттуулук ушул концепцияга ылайык даярдалды деп эсептегенин көрсөтүшү мүмкүн. 20-пункттун талабын колдонууга болбойт, анткени аудитор жетекчилик ишенимдүү жазуу жүзүндөгү билдирүүнү берди деп тыянак чыгарды. Бирок АЭС 705ке ылайык аудитор мыйзамдарды сактабагандыктын аудитордук корутундуда билдирилген пикирге таасирин кароого тийиш.
- аудитордук тапшырманын шарттарында каралган бүткүл зарыл маалыматты аудиторго берүүгө жетекчиликтин милдети

[9] АЭС 705 (кайра каралган), 9-пункт

жагынан жазуу жүзүндөгү билдирүүдө, өрттүн натыйжасында жок кылынган маалыматты кошпогондо, жетекчиликтин пикири боюнча, ал ушундай маалыматты аудиторго берди деп көрсөтүлүшү мүмкүн. 20-пункттун талабын колдонууга болбойт, анткени аудитор жетекчилик ишенимдүү жазуу жүзүндөгү билдирүүнү берди деп тыянак чыгарды. Бирок АЭС 705ке ылайык аудитор өрттүн натыйжасында жок кылынган маалыматтын финансылык отчеттуулукка таасирин анын таралышынын даражасын, ошондой эле маалыматты жок кылуунун ушундай фактысынын аудитордук корутундуда билдирилген пикир үчүн кесепеттерин эске алуу менен карап чыгууга тийиш.

**1-тиркеме**

(2-пунктту караңыз)

## Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөргө карата талаптарды камтыган АЭСтердин тизмеги

Бул тиркеме тапшырманын маңазына тиешелүү атайын жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү талап кылган башка АЭСтердин пункттарынын тизмегин келтирет. Бул тизмек талаптарды жана пайдалануу боюнча тиешелүү колдонмону, ошондой эле Аудиттин эл аралык стандарттарында камтылган башка түшүндүрмө материалдарды жокко чыгарбайт.

- АЭС 240 *«Финансылык отчеттуулуктун аудитин жүргүзүүдө ак ниетсиз аракеттерге карата аудитордун милдеттери»*, 40-пункт.
- АЭС 250 *«Финансылык отчеттуулуктун аудитинин жүрүшүндө мыйзамдарды жана ченемдик актыларды кароо»*, 17-пункт.
- АЭС 450 *«Аудиттин жүрүшүндө табылган бурмалоолорду баалоо»*, 14-пункт.
- АЭС 501 *«Конкреттүү учурларда аудитордук далилдерди алуунун өзгөчөлүктөрү»*, 12-пункт
- АЭС 540 *«Адилет наркты баалоону жана маалыматты тиешелүү ачып көрсөтүүнү кошо алганда баалануучу маанилердин аудити»*, 22-пункт.
- АЭС 550 *«Байланыштуу тараптар»*, 26-пункт.
- АЭС 560 *«Отчеттук күндөн кийинки окуялар»*, 9-пункт.
- АЭС 570 *«Ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү»*, 16(e)-пункт.
- АЭС 710 *«Салыштырмалуу маалымат – салыштырылуучу көрсөткүчтөр жана салыштырма финансылык отчеттуулук»*, 9-пункт.
- АЭС 720 (кайра каралган) *«Аудитордун башка маалыматка тиешелүү милдеттери»*, 13(c)-пункт

**2-тиркеме**

(А21-пунктту караңыз)

**Жетекчиликтин билдирүү катынын мисалы**

Каттын ушул мисалы ушул стандарттын жана башка АЭСтердин талаптарына ылайык берүү зарыл болгон жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү өзүнө камтыйт. Бул мисалда финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясы болуп Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары саналат жана жазуу жүзүндөгү билдирүүнү алууга тиешелүү АЭС 570тин[1] талабын колдонууга болбойт, ошондой эле суратылган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр жагынан чектөөлөр жок деп болжолдонууда. Өзгөчө учурлар болгондо бул өзгөчө учурларды чагылдыруу үчүн билдирүүнү өзгөртүү талап кылынмак.

[Ишкананын фирмалык бланкы]

(Аудиторго) (Күнү)

Жетекчиликтин ушул билдирүү каты финансылык отчеттуулук Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына ылайык бардык олуттуу мамилелерде туура берилгени же жоктугу жана (же ал анык жана ишенимдүү түшүнүктү бере тургандыгы же жоктугу) жөнүндө пикирди билдирүү максатында 20XX-жылдын 31-декабрында[2] аяктаган жыл үчүн АВС ишканасынын финансылык отчеттуулугунун аудитин жүргүзүүгө байланыштуу берилет.

*(Биздин колубузда болгон маалыматтардын негизинде жана биздин пикирибизге ылайык, ойдогудай маалыматты алуу үчүн биз зарыл деп эсептеген бардык суроо-талаптарды жасап),* биз төмөнкүлөрдү ырастайбыз:
*Финансылык отчеттуулук*

- Биз Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына ылайык финансылык отчеттуулукту даярдоо жагынан [күндү коюу] аудитордук тапшырманын шаттарында каралган өз милдеттерибизди аткардык; атап айтканда, финансылык отчеттуулук ушул стандарттарга ылайык туура берилди (же *анык жана ишенимдүү түшүнүктү берет*).

ISA

[1] АЭС 570 «*Ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү*»

[2] Аудитордун корутундусу бир мезгилден ашык үчүн берилген учурларда, аудитор катты аудитордук корутунду камтыган бардык мезгилдерге тиешелүү болгудай түрдө оңдоп-түзөйт.

- Бааланууучу мааниlerди эсептөөдө, анын ичинде адилет нарк боюнча баалануучу беренелер боюнча биз колдонуучу олуттуу божомолдор негиздүү болуп саналат (АЭС 540).
- Байланыштуу тараптар менен өз ара мамилелер жана операциялар эсепте ойдогудай түрдө чагылдырылды жана Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынын (АЭС 550) талаптарына ылайык ачып көрсөтүлдү)
- Алар үчүн Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына ылайык маалыматты оңдоп-түзөө же ачып көрсөтүү талап кылынган отчеттук күндөн кийинки бардык окуялар жагынан зарыл оңдоп-түзөөлөр жасалды же зарыл маалымат ачып көрсөтүлдү (АЭС 560).
- Оңдолбогон бурмалоолордун натыйжалары финансылык отчеттуулук үчүн өзүнчө, ошондой эле бүтүндөй алганда жыйындысында олуттуу эмес болуп саналат. Оңдолбогон бурмалоолордун тизмеси жетекчиликтин ушул билдирүү катына тиркелет (АЭС 450).
- [Киргизүүнү аудитор зарыл деп эсептеши мүмкүн болгон башка маселелер (ушул стандарттын А10-пунктун караңыз).]

*Берилген маалымат*

- Биз силерге төмөнкүлөрдү бердик:[3]

  бизге белгилүү болгон, бухгалтердик жазуулар, документация жана башка маалыматтар сыяктуу финансылык отчеттуулукту даярдоого тиешелүү болгон бүткүл маалыматка жеткиликтүүлүктү;

  аудитти жүргүзүүнүн максаттары үчүн силер бизден сураткан кошумча маалыматты;

  силер белгилегендей, силер аудитордук далилдерди алуу үчүн зарыл болгон ишкананын ичиндеги жактар менен өз ара аракеттенүүнүн чектелбеген мүмкүнчүлүгүн.

- Бардык операциялар бухгалтердик эсептин маалыматтарында чагылдырылды жана финансылык отчеттуулукта берилди.
- Биз силерге ак ниетсиз аракеттерден улам финансылык отчеттуулукту олуттуу бурмалоо тобокелдиктерине өз баабыздын натыйжаларын бердик (АЭС 240).

---

[3] Эгерде аудитор АЭС 210 «*Аудитордук тапшырмалардын шарттарын макулдашууга*» ылайык аудитти жүргүзүү жөнүндө тапшырма боюнча катка жетекчиликтин жоопкерчилигине тиешелүү башка маселелерди киргизсе, бул маселелерди жетекчиликтин же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрүнө киргизүү сунушталышы мүмкүн.

- Биз силерге ишкана үчүн кесепеттери бар жана аларга төмөнкүдөй жактар тартылган ак ниетсиз аракеттер жөнүндө бизге белгилүү болгон бүткүл (анын ичинде болжолдонгон) маалыматты бердик:
    - жетекчилик;
    - ички контролдоо системасынын алкагында маанилүү функцияларды жүзөгө ашыруучу кызматкерлер;
    - ак ниетсиз аракеттер финансылык отчеттуулукка олуттуу таасир этиши мүмкүн болгон учурларда башка жактар (АЭС 240).
- Биз силерге финансылык отчеттуулукка таасир этип жаткан ак ниетсиз аракеттер жөнүндө же шек жараткан ак ниетсиз аракеттер жөнүндө ар кандай билдирүүлөргө карата бардык маалыматты бердик, аны бизге иштеп жаткан же мурдагы кызматкерлер, талдоочулар, жөнгө салуучу органдар жана башка жактар берген (АЭС 240).
- Биз силерге финансылык отчеттуулукту даярдоо учурунда таасири каралышы мүмкүн болгон мыйзамдарды жана ченемдик актыларды сактабагандыктын бизге белгилүү болгон бардык учурлары жөнүндө маалымат бердик (АЭС 250).
- Биз ишкананын байланыштуу тараптары жөнүндө, ошондой эле бизге белгилүү болгон байланыштуу тараптар менен бардык өз ара мамилелер жана операциялар жөнүндө маалыматты ачып көрсөттүк (АЭС 550).
- [Аудитор кошуу зарыл деп эсептеши мүмкүн болгон башка маселелер (ушул стандарттын A11-пунктун караңыз).]

---

[Кызмат орду] [Колу]

ISA